| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>САЙДЫКУМ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>САЙДЫКУМСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Сайдыкум айылдык кеңештин IX чакырылышынын кезексиз XVII сессиясы**
**№6**

**14-сентябрь 2026-жыл** **Кызыл-Ай айылы**

**Сайдыкум айыл аймагындагы Чоң-Курулуш жана Турпак-Коргон айылдарына ичүүчү таза суу тартуу курулушунун долбоордук-сметалык документтерин (ПСД) мамлекеттик экспертизадан өткөрүү үчүн зарыл болгон чыгымдарды каржылоо жөнүндө**

Сайдыкум айыл өкмөтүнүн Финансы экономика бөлүмүнүн башчысы К.Абдыкадыровдун сунушун, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин Ичүүчү суу менен камсыздоо жана санитарияны өнүктүрүү департаментинин алдындагы «Ичүүчү суу менен камсыздоо жана санитария объекттерин капиталдык куруу боюнча дирекция» мамлекеттик мекемеси менен Сайдыкум айыл өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн келишимди карап чыгып, Сайдыкум айыл аймагындагы Чоң-Курулуш жана Турпак-Коргон айылдарына ичүүчү таза суу тартуу курулушунун долбоордук-сметалык документтерин (ПСД) мамлекеттик экспертизадан өткөрүүгө байланыштуу зарыл болгон чыгымдарды каржылоо үчүн атайын эсепке түшкөн каражатты тиешелүү бюджеттик киреше жана чыгаша пландарына киргизүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 13,102 жана 115-беренелерине ылайык, Сайдыкум айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XVII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сайдыкум айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө ушул токтомдун тиркемесине ылайык тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.

2. Сайдыкум айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин атайын каражаттарынын киреше бөлүгүнө 316 613 (үч жүз он алты миң алты жүз он үч сом 34 тыйын) өлчөмүндөгү каражат кошумча план катары киргизилсин.

3. Кошумча киргизилген 316 613 (үч жүз он алты миң алты жүз он үч сом 34 тыйын) өлчөмүндөгү каражат Сайдыкум айыл аймагындагы Чоң-Курулуш жана Турпак-Коргон айылдарына ичүүчү таза суу тартуу курулушунун долбоордук-сметалык документтерин (ПСД) мамлекеттик экспертизадан өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды төлөөгө, 701-бөлүмдүн, 2215 беренеси боюнча тиешелүү бюджеттик планга киргизилип, максаттуу багытта пайдаланылсын.

4. Ушул токтомго ылайык жергиликтүү бюджетке киргизилген өзгөртүүлөрдүн тиешелүү сметалык документтерде чагылдырылышынын жана каражаттардын максаттуу пайдаланылышын камсыз кылуу Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы К.Д. Матисаковго милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сайдыкум айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.А. Анарбаев**